# КРЕДИТТЕР

*(2012–жыл үчүн)*

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




2012-жылы банк системасында ликвиддүүлүктүн олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбошунун, алмашуу курсунун салыштырмалуу туруктуу болшунун алкагында, банктык кредиттөө рыногу чөйрөсүнүн кеңейиши байкалган. Кредит наркы жогору деңгээлде сакталып тургандыгына карабастан, улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси кыйла төмөндөгөн. Портфел түзүмүнө негизги салымды соода, айыл чарба тармагын кредиттөө жана керектөө кредиттери кошкон. Мындан тышкары банк системасынын кредит портфелинин сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн жакшыргандыгы байкалган: мында мөөнөтүндө төлөнбөгөн жана пролонгацияланган кредиттердин үлүштүк мааниси төмөндөгөн.

2012-жылы ичинде “Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер (ДФК-2)” айыл чарба секторун колдоонун мамлекеттик программасынын алкагында, бул максаттарга 1 млрд. сом өлчөмүндө бөлүнгөн каражаттардын ичинен 700,4 млн. сом жалпы суммасына 6,3 миң жеңилдетилген кредит берилген. Жылдык 7 пайыз менен сунушталуучу ресурстардын мөөнөтү төмөнкүнү түзгөн: өсүмдүк өстүрүү секторун колдоого жана өнүктүрүүгө багытталган кредиттер үчүн 12 ай жана мал чарбачылыгына 2 жыл (2011-жылы кредиттик каражаттар 1 жыл мөөнөтүнө жылдык 9 пайыз менен сунушталган эле). “Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер” долбоору боюнча кредиттердин үлүштүк мааниси кароого алынган мезгил ичинде берилген кредиттердин жалпы көлөмүнүн 1,8 пайызын ээлеген.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 28,5 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын акырына 40,1 млрд. сом чегинде калыптанган (алмашуу курсунун өзгөрүүсүнө корректировкалоолорду эске алганда кредит портфели 27,1 пайызга өскөн). Мында кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 18,6 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүп, 32,9 пайызга көбөйгөн.

Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү жыл башында тиешелүү көрсөткүчтөн 24,9 пайызга жогорулоо менен 2012-жылдын декабрь айынын акырына сомдук эквиваленте 21,5 млрд. сомду түзгөн (АКШ долларынын бекемделишин эске алганда көбөйүү 22,5 пайыз чегинде калыптанган).

2012-жылы банктардын улуттук валютада сунуштаган кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайыздык пунктка, 22,9 пайызга чейин жогорулаган, ал эми чет өлкө валютасында берилген кредиттердин чени тескерисинче, 17,3 пайызга чейин төмөндөгөн (-0,5 пайыздык пункт).

Банктардын тармактар боюнча кредит портфели кароого алынган мезгил ичинде төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн: мурдагыдай эле кредит портфелинин олуттуу бөлүгүн ээлеп келген соодага кредиттердин үлүшү 2,9 пайыздык пунктка, 40 пайызга чейин төмөндөгөн, мындан тышкары курулушка кредиттердин салыштырма салмагы да – 5,6 пайыздан 5,5 пайызга чейин бир аз кыскарган. Ошол эле учурда айыл чарбасына кредиттердин үлүшү (2,4 пайыздык пунктка, 15,1 пайызга чейин), өнөр жай (0,3 п.п., 5,6 чейин), ипотекалык (0,1 п.п., 9,6 чейин) жана керектөө кредиттеринин үлүшү (0,6 п.п., 9,4 чейин) көбөйгөн. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү чөйрөсүнө кредиттер мурдагыдай эле, бир аз гана үлүштү түзгөн – чогуу алганда 4,4 пайыз. “Башка” кредиттердин салыштырма салмагы 2012-жылы 12,9 пайыздан 10,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Көпчүлүк банктардын портфели айрым бир тармактарга көбүрөөк концентрацияланган. Алсак, банктардын кредит портфелинин тармактарга концентрацияланышын көрсөткөн индекс 0,44тү түзгөн, бул банктардын кредиттеринин эки тармак ортосунда концентрацияланышын билдирет. Мындан тышкары, кредиттердин ар бир тармакта концентрацияланышы да жогору болгон: 11 тармактын ичинен 7 тармактын индексинин мааниси 0,18 чегинде белгиленген, бул өз кезегинде, тармактарда аз сандагы банктардын концентрацияланышын тастыктайт.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,09 деңгээлинде сакталган, бул рыноктун 11 банк ортосунда бөлүштүрүлүшүнө эквиваленттүү.

Банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө баардык мөөнөттүүлүк түрлөрү боюнча кредиттер көлөмүнүн көбөйүүсү байкалган, бирок 1-3 айга чейинки жана 6-12 айга чейинки мөөнөтү менен кредиттердин өсүш арымынын төмөндөшү мындай кредиттердин салыштырма салмагынын азайышына алып келген. Үлүшү боюнча алып караганда 3 жылдан жогору мөөнөтү менен узак мөөнөттүү кредиттердин салыштырма салмагынын төмөндөгөндүгү белгиленген, мында салыштырма салмагы мурдагы 4,3 пайыз деңгээлинде сакталып калган 3-6 айга чейинки мөөнөтү менен кредиттерден тышкары башка калган кредиттердин үлүшү жыл башына караганда жогорулаган.

Буга карабастан, өзүндө 1 жылдан 3 жылга чейинки кредиттерди камтыган узак мөөнөттүү кредиттердин жалпы үлүшү 73,9 пайызга чейин (+0,7 п.п.) көбөйгөн, бул өз кезегинде мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз үлүшүнүн төмөндөшүнө алып келген. Ошентип, 2012-жыл ичинде дюрация 28,3 айдан 27,6 айга чейин бир аз төмөндөгөн, бул жалпы алганда 3 жылдан жогору мөөнөткө берилген кредиттердин жигердүү өсүшүнө карата жагдайды чагылдырган. Кароого алынган мезгил ичинде кредит портфелинин сапатынын жакшыргандыгы белгиленген: 2012-жылдын декабрь айынын акырына мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин үлүшү 3,2 пайызды (2012-жылдын баш жагына – 3,9 пайыз), ал эми пролонгацияланган кредиттердин үлүшү 3,9 пайызды (2012-жыл башына – 4,7 пайыз) түзгөн.

2012-жылы ичинде жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 38,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 19,3 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 12,5 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттер 25,4 пайызга көбөйгөн. Мында банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн негизги фактору катары мурдагыдай эле, соода тармагын кредиттөө көлөмүнүн жогорулашы саналган.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




2012-жыл ичинде улуттук валютадагы жаңыдан берилген кредиттердин орточо салмактанып алынган пайыздык чени 2011-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,8 пайыздык пунктка, 23,0 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында – 0,5 пайыздык пунктка, 19,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

Кредиттердин орчундуу көлөмү бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө берилген, бирок кыска мөөнөттүү кредиттердин салыштырма салмагы көбөйгөндүгүнө байланыштуу, жаңыдан берилген кредиттердин убактылуу түзүмүндөгү узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 2,6 пайыздык пунктка, 70,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Мында, кыска мөөнөттүү кредиттөө түзүмүндө 0-1 айга чейинки мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшү кыйла көбөйгөн. Мындан тышкары, 3-6 айга чейинки жана 6-12 айга чейинки мөөнөткө берилген кредиттердин салыштырма салмагы тиешелүүлүгүнө жараша 0,6 жана 0,3 пайызга өскөн. Натыйжада, жаңыдан берилген кредиттердин дюрациясынын көрсөткүчү 25,9 айдан 25,4 айга чейин кыскарган.

Мурдагыдай эле, жаңыдан берилген кредиттер түзүмүндө соода тармагы олуттуу көлөмдү (49,7 пайыз) ээлеген, сунушталган кредиттердин көлөмү 9,1 пайызга көбөйгөн. Кароого алынган мезгил ичинде айыл чарбасын кредиттөөнүн көбөйгөндүгү белгиленген (24, 0 пайызга), ал мындай кредиттер үлүшүнүн 11,8 пайыздан 12,3 пайызга чейин өсүшүнө таасирин тийгизген. Керектөө кредиттери 26,0 пайызга өскөн, бул алардын үлүшүнүн 0,6 пайыздык пунктка, 10,9 пайызга чейин жогорулашына алып келген. Мындан тышкары, сунушталган ипотекалык кредиттер көлөмүнүн 31,4 пайызга көбөйүшү белгиленген, мында алардын үлүшү 4,6 пайыздан 5,1 пайызга чейин жогорулаган. Өнөр жайга, транспортко, байланышка, даярдоого жана кайра иштетүүгө, курулушка, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө кредиттердин салыштырма салмагы 11,7

пайызды түзгөн. “Башка” кредиттердин үлүшү 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 10,8 пайызды түзгөн.

Тармактар боюнча алып караганда, улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттердин пайыздык чендеринин өзгөрүүсү чет өлкө валютасындагыдай эле ар багытта түптөлгөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин төмөндөшү траспорт, байланыш, соода, керектөө жана “башка” кредиттер тармактарында белгиленген. Мында улуттук валютадагы эң төмөн чен боюнча кредиттер ипотекага (бир мезгил ичинде 21,4 пайыз), ал эми эң жогорку чен боюнча керектөөгө (27,0 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чендер байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү, социалдык кызматтарга берилген кредиттерден башка бардык тармактарда төмөндөгөн. Кредит наркынын эң төмөн көрсөткүчү курулуш тармагында белгиленген (бир мезгил ичинде орточо алганда 13,9 пайыз), ал эми чет өлкө валютасында эң жогорку чен боюнча сунушталган кредиттер транспорт чөйрөсүндө катталган (орточо алганда 22,0 пайыз).

2012-жылы улуттук валютада берилген кредиттер боюнча реалдуу чендин орточо мааниси 2011-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 17,1 пайызга каршы 14,4 пайызды түзгөн.